# Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарты (IAS) 10
# *«Отчеттук мезгилден кийинки окуялар»*

## Максаты

1 Ушул стандарттын максаты – төмөнкүлөрдү аныктоо:

(a) ишкана отчеттук мезгилден кийинки окуяларды эске алуу менен кандай учурларда финансылык отчеттуулукту оңдоп-түзөшү керектигин; жана

(b) ишкана берүүгө тийиш болгон финансылык отчеттуулукту чыгарууга жактыруу күнү тууралуу жана отчеттук мезгилден кийинки окуялар тууралуу ачып көрсөтүүлөрдү.

Андан тышкары ушул стандарт, эгер отчеттук мезгилден кийинки окуялар үзгүлтүксүз ишмердүүлүк тууралуу божомолдордун орундуу эместигин көрсөтсө, ишкана өзүнүн финансылык отчеттуулугун үзгүлтүксүз ишмердүүлүк принцибинин негизинде түзбөшүн талап кылат.

## Колдонуу чөйрөсү

**2 Ушул стандартты отчеттук мезгилден кийинки окуялар тууралуу маалыматты эсепке алууда жана ачып көрсөтүүдө колдонуу керек.**

## Аныктамалар

**3 Ушул стандартта көрсөтүлгөн мааниде төмөнкүдөй терминдер колдонулат:**

***Отчеттук мезгилден кийинки окуялар*** **– отчеттук мезгилдин аягы менен финансылык отчеттуулук чыгарууга жактырылган күндүн ортосундагы мезгилде болгон жагымдуу жана жагымсыз окуялар. Мындай окуялардын төмөнкүдөй эки тибин бөлүп көрсөтүүгө болот:**

**(a) отчеттук күндө болгон шарттарды тастыктаган окуялар (*отчеттук мезгилден кийинки оңдоп-түзөөчү окуялар*); жана**

**(b) отчеттук мезгилден кийин пайда болгон шарттар тууралуу күбөлөндүргөн окуялар (*отчеттук мезгилден кийинки оңдоп-түзөлбөй турган окуялар*).**

4 Финансылык отчеттуулукту чыгарууга жактыруу процесси жетекчиликтин түзүмүнө, ченемдик талаптарга, финансылык отчеттуулукту түзүү жана акыркы тариздөө жол-жоболоруна карата айырмаланат.

5 Айрым учурларда ишкана финансылык отчеттуулук чыккандан кийин аны акционерлерге бекитүү үчүн берүүгө милдеттүү. Мындай учурларда финансылык отчеттуулук аны акционерлер бекиткен күнгө карата эмес, аны чыгаруу күнүнө карата чыгарууга жактырылган болуп саналат.

**Мисал**

20Х2-жылдын 28-февралында ишкананын жетекчилиги 20Х1-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн финансылык отчеттуулуктун алдын ала вариантын түзүүнү аяктайт. 20Х2-жылдын 18-мартында директорлор кеңеши финансылык отчеттуулукту карайт жана аны чыгарууга жактырат. 20Х2-жылдын 19-мартында ишкана пайда тууралуу маалыматты жана башка айрым финансылык көрсөткүчтөрдү жарыялайт. 20Х2-жылдын 1-апрелинде финансылык отчеттуулук акционерлерге жана башка пайдалануучуларга берилет. 20Х2-жылдын 15-майында акционерлер жылдык жыйында финансылык отчеттуулукту бекитет жана 20Х2-жылдын 17-майында бекитилген финансылык отчеттуулук жөнгө салуучу органга берилет.

© ФОЭС Фонду

| |
|---|
| *Финансылык отчеттуулук 20X2-жылдын 18-мартында чыгарууга жактырылган (директорлор кеңеши финансылык отчеттуулукту чыгарууга жактырган күн)* |

6 Айрым учурларда ишкананын жетекчилиги финансылык отчеттуулукту, курамына аткаруучу эмес директорлор гана кирген байкоочу кеңешке бекитүү үчүн берүүгө милдеттүү. Мындай учурларда финансылык отчеттуулук чыгарууга жактырылды деп, качан жетекчилик байкоочу кеңеш үчүн чыгарууну жактырган учур эсептелет.

| **Мисал** |
|---|
| 20X2-жылдын 18-мартында ишкананын жетекчилиги финансылык отчеттуулукту байкоочу кеңешке берүү жөнүндө чечим кабыл алат. Байкоочу кеңештин курамына аткаруучу эмес директорлор кирет, ошондой эле кызматкерлердин өкүлдөрү жана башка тышкы кызыкдар колдонуучулар дагы анын мүчөлөрү боло алат. 20X2-жылдын 26-мартында байкоочу кеңеш финансылык отчеттуулукту бекитет. 20X2-жылдын 1-апрелинде финансылык отчеттуулук акционерлерге жана башка колдонуучуларга берилет. 20X2-жылдын 15-майында акционерлер жылдык жыйында финансылык отчеттуулукту бекитет жана 20X2-жылдын 17-майында бекитилген финансылык отчеттуулук жөнгө салуучу органга берилет.<br>*Финансылык отчеттуулук 20X2-жылдын 18-мартында чыгарууга жактырылган (жетекчилик финансылык отчеттуулукту байкоочу кеңешке берүү жөнүндө чечим кабыл алган күн).* |

7 Отчеттук мезгилден кийинки окуяларга финансылык отчеттуулук чыгарууга жактырылган күнгө чейинки болгон бардык окуялар кирет, алар ишкананын пайдасы тууралуу маалыматтар жана башка айрым финансылык көрсөткүчтөр жарыялангандан кийин болгонуна карабастан.

## Таануу жана баалоо

### Отчеттук мезгилден кийинки оңдоп-түзөөчү окуялар

**8 Ишкана отчеттук мезгилден кийинки оңдоп-түзөөчү окуяларды чагылдыруу үчүн финансылык отчеттуулукта таанылган суммаларды оңдоп-түзөөгө тийиш.**

9 Ишкана же финансылык отчеттуулукта таанылган суммаларды оңдоп-түзөө аркылуу, же мурда отчеттуулукта таанылбаган беренелерди таануу аркылуу эске алууга милдеттүү болгон отчеттук мезгилден кийинки оңдоп-түзөөчү окуялардын мисалдары төмөндө келтирилди:

(a) отчеттук мезгил аяктагандан кийин болгон соттук талашты жөнгө салуу, анын жүрүшүндө ишкананын отчеттук күнгө карата болгон милдеттери тастыкталса. Ишкана *«Бааланууучу милдеттенмелер, шарттуу милдеттенмелер жана шарттуу активдер»* ФОЭС (IAS) 37ге ылайык мурда таанылган жана ушул соттук талашка таандык бааланууучу милдеттенмесин оңдоп-түзөйт. Ишкананын шарттуу милдеттенмени гана ачып көрсөтүүсү жетишсиз, анткени жөнгө салуу ФОЭС (IAS) 37-нин 16-пунктуна ылайык каралууучу кошумча далилдерди берет.

(b) отчеттук күнгө карата активдин наркынын түшүшүн же ушул активдин наркынын түшүшүнөн улам мурда отчеттуулукта таанылган зыянды оңдоп-түзөө зарылдыгын күбөлөндүргөн отчеттук мезгилден кийинки маалыматты алуу. Мисалы:

(i) отчеттук мезгилден кийин болгон сатып алуучунун банкроттугу адатта ушул сатып алуучунун отчеттук мезгилдин аягында карызынын кредиттик наркынын түшүшү болгонун тастыктайт; жана

(ii) отчеттук мезгилден кийин болгон запастарды сатуу отчеттук мезгилдин аягында аларды сатуунун мүмкүн болгон таза баасы тууралуу маалымат булагы болушу мүмкүн.

© ФОЭС Фонду

(c) отчеттук мезгилдин аягына чейин сатып алынган активдердин наркын же отчеттук мезгилдин аягына чейин сатылган активдерди сатуудан келип түшүүлөрдү отчеттук мезгилден кийин аныктоо.

(d) отчеттук мезгилден кийин пайдага катышуу же премия берүү программалары боюнча төлөмдөрдүн көлөмүн аныктоо, эгер отчеттук мезгилдин аягында ишкананын отчеттук мезгилдин аягына чейин болгон окуяларга байланыштуу ушундай төлөмдөрдү жүргүзүүгө юридикалык же конструктивдүү милдеттенмеси болсо (*«Кызматкерлердин сыйакылары»* ФОЭС (IAS) 19ду караңыз).

(e) финансылык отчеттуулуктун туура эместигин тастыктаган алдамчылык фактыларын же каталарды аныктоо.

### Отчеттук мезгилден кийинки оңдоп-түзөлбөй турган окуялар

**10 Ишкана отчеттук мезгилден кийинки оңдоп-түзөлбөй турган окуяларды чагылдыруу үчүн финансылык отчеттуулукта таанылган суммаларды оңдоп-түзөтпөш керек.**

11 Отчеттук мезгилден кийинки оңдоп-түзөлбөй турган окуялардын мисалы болуп отчеттук мезгилдин аякташы менен финансылык отчеттуулук чыгарууга жактырылган күндүн ортосундагы мезгилде инвестициялардын адилет наркын төмөндөтүү саналат. Адилет нарктын төмөндөшү, эрежедегидей, кийинки мезгилде пайда болгон жагдайларды чагылдырат жана отчеттук мезгилдин аягына карата инвестициялардын абалы менен байланышкан эмес. Ошондуктан, ишкана ушундай инвестициялар финансылык отчеттуулукта таанылган сумманы оңдоп-түзөтпөйт. Ушундай эле ишкана отчеттук мезгилдин аягында финансылык отчеттуулукта ачып көрсөтүлгөн инвестициялардын наркы тууралуу маалыматты тактабайт, бирок ал 21-пунктка ылайык кошумча маалыматтарды берүүгө аргасыз болушу мүмкүн.

### Дивиденддер

**12 Эгер ишкана отчеттук мезгилден кийин үлүштүк инструменттерди кармоочуларга дивиденддерди жарыяласа *(«Финансылык инструменттер: маалымат берүү»* ФОЭС (IAS) 32ге ылайык), ишкана отчеттук мезгилдин аягына карата ушул дивиденддерди милдеттенме катарында таанybашы керек.**

13 Эгер дивиденддер отчеттук мезгилден кийин, бирок финансылык отчеттуулук чыгарууга жактырылганга чейин жарыяланса, анда дивиденддер отчеттук мезгилдин аягына карата милдеттенме катарында таанылбайт, анткени аталган күнгө карата эч кандай милдеттенме болгон эмес. Мындай дивиденддер *«Финансылык отчеттуулукту берүү»* ФОЭС (IAS) 1ге ылайык финансылык отчеттуулуктун эскертүүлөрүндө ачып көрсөтүлөт.

## Үзгүлтүксүз ишмердүүлүк

**14 Эгер жетекчилик отчеттук мезгилден кийин ишкананы жабууну же анын ишмердүүлүгүн токтотууну чечсе же болбосо анда мындай чечимге карата реалдуу альтернатива болбосо, ишкана финансылык отчеттуулукту үзгүлтүксүз ишмердүүлүк принцибинин негизинде түзбөшү керек.**

15 Отчеттук мезгилден кийин операциялык ишмердүүлүктүн натыйжаларынын жана финансылык абалдын начарлашы үзгүлтүксүз ишмердүүлүк тууралуу божомолду кароо зарылдыгын көрсөтөт. Эгер үзгүлтүксүз ишмердүүлүк тууралуу божомолду кароо мындан ары ылайыксыз болсо, анда мунун таасири ушунчалык олуттуу болгондуктан, ушул стандарт бухгалтердик эсептин алгачкы методдоруна ылайык таанылган суммаларды оңдоп-түзөөнү эмес, бухгалтердик эсеп методдорун түп-тамырынан бери өзгөртүүнү талап кылат.

16 ФОЭС (IAS) 1 төмөнкү учурлар үчүн маалыматты ачып көрсөтүү талаптарын белгилейт:

(a) финансылык отчеттуулук үзгүлтүксүз ишмердүүлүк принцибинин негизинде түзүлбөйт; же

(b) ишкананын үзгүлтүксүз иштөө жөндөмүнө бир кыйла күмөн саноолорду туудурган окуяларга же шарттарга байланышкан маанилүү айкын эместиктер тууралуу жетекчиликке белгилүү. Ачып көрсөтүүнү талап кылган окуялар же шарттар отчеттук мезгилден кийин пайда болушу мүмкүн.

## Маалыматты ачып көрсөтүү

### Чыгарууга жактыруу күнү

**17 Ишкана финансылык отчеттуулукту чыгарууга жактыруу күнүн жана финансылык отчеттуулукту чыгарууга жактырган органдын аталышын ачып көрсөтүүгө тийиш. Эгерде ишкананын менчик ээлери же башка адамдар финансылык отчеттуулук чыккандан кийин ага түзөтүүлөрдү киргизүү ыйгарым укугуна ээ болгон учурда, ишкана ушул фактыны ачып көрсөтүшү керек.**

18 Пайдалануучуларга финансылык отчеттуулукту чыгарууга жактыруу күнүн билүү зарыл, анткени финансылык отчеттуулук ушул күндөн кийинки окуяларды чагылдырбайт.

### Отчеттук мезгилдин аягында болгон шарттар тууралуу ачып көрсөтүүлөрдү тактоо

**19 Эгер ишкана отчеттук мезгилден кийин отчеттук мезгилдин аягында болгон шарттар тууралуу жаңы маалыматты алса, ишкана жаңы маалыматты эске алуу менен ушул шарттар тууралуу ачып көрсөтүүнү жаңыртышы керек.**

20 Айрым учурларда ишкана отчеттук мезгилден кийин алынган маалыматты чагылдыруу үчүн финансылык отчеттуулук маалыматтарын жаңыртуусу зарыл, ал тургай ушул маалымат финансылык отчеттуулукта таанылган суммаларга таасирин тийгизбесе дагы. Ушундай мисалдардын бири болуп, отчеттук мезгилден кийин ишкана отчеттук мезгилдин аягында болгон шарттуу милдеттенменин далилин алган учурда, ачып көрсөтүүлөрдү жаңыртуу зарылдыгы саналат. ФОЭС (IAS) 37ге ылайык баалануучу милдеттенмени таануу же өзгөртүү керектиги/керек эместиги тууралуу маселени кароого кошумча катары, ишкана ушул далилди эске алуу менен шарттуу милдеттенме тууралуу ачып көрсөтүүнү жаңыртат.

### Отчеттук мезгилден кийинки оңдоп-түзөлбөй турган окуялар

**21 Эгер отчеттук мезгилден кийинки оңдоп-түзөлбөй турган окуялар маанилүү болсо, аларды ачып көрсөтпөө конкреттүү отчет берүүчү ишкана тууралуу финансылык маалымат берген ушул финансылык отчеттуулуктун негизинде кабыл алынган жалпы багыттагы финансылык отчеттуулуктун негизги пайдалануучуларынын чечимине таасир тийгизерин негиздүү күтсө болот. Натыйжада, ишкана отчеттук мезгилден кийинки оңдоп-түзөлбөй турган окуялардын ар бир маанилүү категориясы боюнча төмөнкүдөй маалыматты ачып көрсөтүшү керек:**

**(a) окуянын мүнөзүн; жана**

**(b) анын финансылык таасирин эсептик баалоо же ушундай баалоонун мүмкүн эместиги тууралуу билдирүү.**

22 Адатта ачып көрсөтүү талап кылынган отчеттук мезгилден кийинки оңдоп-түзөлбөй турган окуялардын мисалдары төмөндө келтирилди:

(a) отчеттук мезгилден кийин бизнести бириктирүү (мындай учурларда *«Бизнестерди бириктирүү»* ФОЭС (IFRS) 3 белгилүү бир ачып көрсөтүүнү талап кылат) же ири туунду ишкананын чыгып калышы;

(b) ишмердүүлүктү токтотуу планын жарыялоо;

(c) активдерди көп сатып алуу, *«Сатууга арналган жүгүртүүдөн тышкаркы активдер жана токтотулган ишмердүүлүк»* ФОЭС (IFRS) 5ке ылайык активдерди сатууга арналган катары классификациялоо, активдердин башка чыгып калуулары же мамлекеттин маанилүү активдерди экспроприациялоосу;

(d) отчеттук мезгилден кийин чыккан өрттүн натыйжасында маанилүү өндүрүштүк кубаттуулуктардын жок болушу;

(e) ири масштабдуу кайра түзүмдөштүрүү же аны ишке ашырууну баштоо тууралуу жарыялоо (ФОЭС (IAS) 37ни караңыз);

(f) отчеттук мезгилден кийин болгон жөнөкөй акциялар менен маанилүү операциялар жана жөнөкөй акциялар менен потенциалдуу операциялар (*«Акцияга пайда»* ФОЭС (IAS) 33 ишканадан ушундай операциялар тууралуу маалыматты ачып көрсөтүүнү талап кылат, мындай операциялар ФОЭС (IAS) 33кө ылайык ар бири ондоп-түзөө талап кылынган акцияларды капиталдаштырууга же бонустук эмиссиялоого, майдалоого же консолидациялоого байланышкан учурлардан тышкары);

(g) отчеттук мезгилден кийин болгон активдердин наркынын же валюталык курстардын адаттан тыш чоң өзгөрүүлөрү;

(h) учурдагы жана кийинкиге калтырылган салык активдерине жана милдеттенмелерине чоң таасир тийгизген, отчеттук мезгилден кийин колдонууга киргизилген же жарыяланган салыктык ставкалардын же салык мыйзамдарынын өзгөрүшү (*«Пайда салыгы»* ФОЭС (IAS) 12ни караңыз);

(i) келечектеги операциялар боюнча маанилүү келишимдик милдеттенмелерди же шарттуу милдеттенмелерди кабыл алуу, мисалы маанилүү кепилдиктерди берүүдө; жана

(j) отчеттук мезгилден кийин болгон окуялар менен гана байланышкан ири соттук териштирүүнүн башталышы.

## Күчүнө кирүү күнү

23 Ишкана ушул стандартты 2005-жылдын 1-январынан же ушул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдер үчүн колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонуу кубатталат. Эгер ишкана ушул стандартты 2005-жылдын 1-январына чейин башталган мезгил үчүн колдонсо, ал ушул фактыны ачып көрсөтүшү керек.

23A 2011-жылдын майында чыккан *«Адилет наркты баалоо»* ФОЭС (IFRS) 13 менен 11-пунктка түзөтүүлөр киргизилген. Ишкана ушул түзөтүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 13 менен бир эле убакта колдонушу керек.

23B 2014-жылдын июлунда чыккан *«Финансылык инструменттер»* ФОЭС (IFRS) 9 менен 9-пунктка өзгөртүүлөр киргизилди. Ишкана аталган түзөтүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 9 менен бир эле убакта колдонушу керек.

23C 2018-жылдын октябрында чыккан *«Маанилүүлүктүн аныктамасы»* документи менен (ФОЭС (IAS) 1ге жана ФОЭС (IAS) 8ге түзөтүүлөр) 21-пунктка өзгөртүүлөр киргизилди. Ишкана аталган түзөтүүлөрдү 2020-жылдын 1-январынан же ушул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата перспективдүү колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга жол берилет. Эгер ишкана ушул түзөтүүлөрдү алда канча эрте мезгилге карата колдонсо, ал ушул фактыны ачып көрсөтүшү керек. Ишкана ФОЭС (IAS) 1дин 7-пунктунда жана ФОЭС (IAS) 8дин 5 жана 6-пункттарында маанилүүлүктүн аныктамасындагы түзөтүүлөрдү колдонгондо, ал ушул түзөтүүлөрдү колдонууга тийиш.

## ФОЭС (IAS) 10дун (1999-жылы кайра каралган) колдонулушун токтотуу

© ФОЭС Фонду

24 Ушул стандарт *«Отчеттук мезгилден кийинки окуялар»* ФОЭС (IAS) 10ду (1999-жылы кайра караган) алмаштырат.

© ФОЭС Фонду